БЕКИТЕМ
М.Балбаков атындагы орто
мектебинин директору
А.Дөөлөтбеков
«05»____________2022-ж

М.Балбаков атындагы орто мектебинин ата-энелер

чогулушунун жылдык иш планы

2022-2023-окуу жылы үчүн

| № | Чогулуштун өтүү убактысы | Аткарылуучу иштин мазмуну | Ким жооптуу | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сентябрь | 1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы, 1-4-класстардын ыссык тамак менен камсыз болушу<br>2. Мектеп окуучуларынын тартиби, тазалыгы, формасы жөнүндө маалымат берүү<br>3. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин төрөгасын шайлоо<br>4. Мектепте укук бузууларды, кылмыштуулукту, балдарга карата ырайымсыз мамилелерди алдын алуу максатында Алдын алуу кеңешин түзүү | | |
| 2 | Ноябрь | 1. 2022-2023-окуу жылындагы биринчи чейректин жыйынтыгы<br>2. Электрондук күндөлүк боюнча маалымат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3. Уюштуруу иштери (окуучулук форма, кылмыштуулук, тартип, тазалык) | | |
| 3 | Март | 1, 2022-2023- окуу жылынын 1-жарым жылдыгы боюнча маалымат<br><br>2. 2-жарым жылдык жыйынтык боюнча билим сапаты боюнча маалымат<br><br>3. Райондук,облустук,республикалык олимпиаданын жыйынтыгы<br><br>4. ЖРТ га даярдыктар боюнча маалымат<br><br>5. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча аткарылган иштер жөнүндө маалымат<br><br>6. Тартип –тазалык боюнча уюштуруу иштери жөнүндө | | |
| 4 | Май | 1. 3-чейректин жыйынтыгы, 4-чейрекке милдеттер, багыттар.<br>2. Спонсорлук акча –каражатынын отчету<br>3. 25-май «Акыркы коңгуроо» салтанатын өткөрүү жана РБББ, РИИБ келген буйрук, каттарды тааныштыруу, алдын алуу.<br>4. Көчүрүү сынактарын жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө буйруктары менен тааныштыруу. | | |

Катчы: С.Тасмабаева

**АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ
БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
АК-ЧИЙ АЙЫЛЫ
МУРЗАБЕК БАЛБАКОВ
АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ**

**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
СЕЛО АК-ЧИЙ
СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ
МУРЗАБЕКА БАЛБАКОВА**

Инд : 722507
Ак Чий айылы
Уста Турдуке көчөсү № 70
**balbakov.mektep @mail.ru**

инд : 722507
село Ак Чий
ул. Уста Турдуке №70
**balbakov.mektep @mail.ru**

М. Балбаков атындагы орто мектебиинин ата- энелер чогулушунун

## № 1 протоколу

**20.09.2022 - жыл** **Ак-Чий айылы**

Кеңешке катышканы: 38
Катышпаганы: 16

**Чогулушта каралуучу маселелер:**

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы, 1-4-класстардын ыссык тамак менен камсыз болушу .
2. Мектеп окуучуларынын тартиби, тазалыгы, формасы жөнүндө маалымат берүү
3. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин төрөгасын шайлоо
4. Мектепте укук бузууларды, кылмыштуулукту, балдарга карата ырайымсыз мамилелерди алдын алуу максатында Алдын алуу Кеңешин түзүү

**Чогулуштун жүрүшү:**
**Угулду:**
Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча мектеп директору А.Дөөлөтбековдун билдирүүсү

2021-2022- окуу жылында мектепте 110 окуучу билим алып жылды жыйынтыктадык. Мектепте жалпы 23 мугалим 10 тех кызматкер эмгектенишет
Былтыркы жылы биздин мектепте көп эле алгылыктуу иштер жүргүзүлдү.

Олимпиада боюнча 2 предметтен орунга чыкканбыз ,информатикадан Рустам уулу Али райондуктан 1-орун облустук турдан 3-орун,Биологиядан Мухтарбек кызы Бактыгүл райондук турдан 2-орун алышкан жана ошондой эле диплом, грамоталар менен окуучулар жана даярдаган мугалимдери сыйланышкан.

ОРТ га 9 окуучу катталып , босого балдан өтүшүп жалпы 72 пайызды анан дагы мектептер ичинен 5 -орунда болдук.

Өзүнүздөр күбө болгондой жаны окуу жылы башталары менен мектепти ремонтоо боюнча 1-жолу 18 мектептин ичинен 1-орунду алдык.Бул ийгиликтин артында жалпы мектептин жамаатынын эмгеги зор..Жана дагы өзүнүздөр көрүп тургандай мектептин терезе пардолору жалюзиге алмаштырылды. Ар бир иштеген мугалим эже-агайлар жана тех кызматкерлер 3000 сомдон өз чөнтөктөрүнөн чыгарып илишти. Баарыныздарга терен ыраазычылык.

ОББ Ч.Токолованын сөзү ; Саламатсыздарбы 2022-жылдын 1-сентябрынан бери окуу башталып, уюштуруу иштери жүргүзүлө баштады. Класстардын социалдык паспорттору түзүлдү, окуучулардын социалдык категориялары боюнча маалымат базасы түзүлдү. Бул база электрондоштурулуп ар бир класс, окуучу базага түштү КРӨ №388 токтомунун негизинде иш алып барып жатат. 2022-2023-окуу жылына карата 11 класс - 109 окуу комплектиленди. Быйылкы жылы даярдоо группасына 16 окуучу электрондук варианта кабыл алынды.

Уюштуруучу Конурбай уулу Сергек өз сөзүндө; Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер? Өзүнүздөр көрүп билгендей мектептин базасы жакшырып иштеп,окуганга бардык шарттар түзүлдү десек болот.

Сиздерден өтүнүч эн башкысы балдарыныздардын сабактарына убагында келип катышып,мектепте өтүлө турчу коомдук иштерге чакырганда активдүү келип катышып турунуздар деген сөздү айтат элем.Анан дагы окуучулардын алган китептерин сырттап ,чаптап бериниздер.Формалары ак-кара деп айтылган .Тазалыктарына да көнүл бурасыздар деген ишеничтемин деди.

-окуу жылына свот анализ:

- Күчтүү жактары:
- Мектептин техникалык базасы жылдан –жылга чындалып ,толукталып жатат
- Тажрыйбалуу, чыгармачыл мугалимдер бар.
- Окуу куралдарынын жетиштүүлүгү.
- Окууга шарттын толук түзүлгөндүгү.
- Уюштуруу иштеринин өз деңгээлинде жүрүшү.

М.Балбаков атындагы орто мектебинин ата-энелер комитетинин төрагасы А.Жунусов чыгып сөз сүйлөдү:

Урматтуу ата-энелер биз бүгүнкү күндүн талабына ылайык 1-4 класстар ысык тамакты жумасына эки жолу эт менен ичишет. 1-4-класстын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылууда рационалдуу тамактанууда ата-энелердин жардамы менен эт азыгы үчүн 100 сомдон айына чогултулат.Ал жөнүндө баарыбыздын эле маалыматыбыз бар болуш керек,Жаны кирген 1-класстардын айрым ата-энелери туура түшүнөт деген ойдобуз.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу**

**ТОКТОМ кылат**

**МИЛДЕТТЕР:**

1. **Ата-эне мектеп жашындагы баласын милдеттүү түрдө билим алуусуна шарт түзүүсү**

- Окууга кечиктирбей жиберүү
- Окуусун көзөмөлдөө, тийиштүү окуу куралдары менен камсыздоо
- Сабагына катышуу, мектеп менен тыкыс байланышта болуу
- Окуучулук форма менен камсыздоо. Мектепке окуучулук форма менен жиберүү
- Дене тарбия сабагына спорттук форма менен камсыздоо

2. Телефонун мектепке алып келбөө
3. Дүкөндөргө кечки убакытта жибербөө
4. Кечки саат 20-00дон кийин үйдөн чыгарбоо
5. 2022-2023-окуу жылына карата окуучулардын билим сапатын көтөрүү. Окутууга өзгөчө көңүл буруу.
6. Олимпиаларга катышып көрсөткүч жаратуу
7. Жыл ичинде өткөрүлгөн райондук, облустук сынактарга катышуу
8. Окуу жылынын башталышы менен 11-класстын бүтүрүүчүлөрүнө ОРТ даярдоо. Платный курстарга жиберүү
9. Мектептеги болгон материалдык-техникалык баалуулуктарды өз деңгээлинде сактоо.
10. 1-4-класстын 46 окуучуларынын тамагын нормага, талапка ылайык берүү ашканада санитардык эрежелерди сактоо.
11. Окуучулар арасында Тарбиялык иштерди күчөтүү.
12. Кылмыштуулукту болтурбоо, алдын алуу
13. Диний-экстремисттик көз караштагы маселелерден алыс болуу
14. Өрткө каршы жана башка коопсуздук, жолдо жүрүү эрежелерди сактоо
15. Социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдарга көңүл бөлүү
16. Баланын жөндөм-шыгына карата багыт берүү, тарбиялоо
17. Мектеп окуучуларынын жана алардын ата-энелеринин катышуусунда ар кандай спорттук иш чараларын өткөрүү
18. Ата-энелер комитетинин ишмердүүлүгүн күчөтүү
19. Демөөрчүлөрдү таап мектептин китеп фондун көбөйтүү, мат-техн базаны чыңдоо
20. 2022-2023-окуу жылында ата-энелер комитети калтырылсын.
Мектептин ата-энелер комитетинин төрөгалыгына А.Жунусов
Мүчөлөрү: Макелеева Ыманбү
Исаева Рысбү
Кулмурзаева Айнагүл
Исакова Салкын
Кенжекулова Гүлзат.

Ата-энелер комитети мектеп менен тыгыз байланышта иштеп жылдык пландын негизинде иш алып баруу жагы төрөгага милдеттендирилсин.
21. Алдын алуу кенеши 2022-2023-окуужылындагы комиссия калтырылсын .
Төрагасы: А.Дөөлөтбеков – мектеп директору
Мүчөлөрү: Конурбай уулу Сергек -уюштуруучу
А.Абдыракманова - соц.педагог
М.Рыскулбекова -кыздар уюмунун жетекчиси
Б.Балтабаева -Ак-Чий айыл өкмөтүнүн социалдык бөлүмүнүн башкы адиси.
А.Жунусов – ата-энелер комитетинин төрагасы
С.Кадыров – РИИБнүн балдар менен иштөө бөлүм башчысы.

22. 1-4-класстын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылууда рационалдуу тамактанууда ата-энелердин жардамы менен эт азыгы менен камсыздоо боюнча ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөндүгү белгиленсин.

23. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы уюштуруучу Коңурбай уулу Сергекке жана соц.пед А.Абдыракмановага милдеттендирилсин

Мектеп директору: А.Дөөлөтбеков

Катчы: С.Тасмабаева